

KUMTOR
КУМТОР

centerraGOLD

## 2013-жылдын II кварталдын

# ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

**ЖЫЛДЫН АЛГАЧКЫ АЛТЫ АЙЫНДА «КУМТӨРДӨ» 5 038 кг алтын ӨНДҮРҮЛДҮ**

**КОМПАНИЯ 2 млрд. 826 млн. сомдон АШУУН СУММАДА САЛЫКТАРДЫ ЖАНА МИЛДЕТТҮҮ ТӨЛӨМДӨРДҮ КОТОРДУ**

**«Кумтөр» кен ишканасы** Кыргыз Республикасында жайгашкан, Борбордук Азиядагы батыш компаниясы тарабынан башкарылуучу эң ири алтын кен ишканасы болуп саналат. 1997-жылдын майында өнөр жайлык өндүрүш башталгандан 2012-жылдын 30-июнуна чейин «Кумтөрдө» жалпысынан **8,5 млн. унция** же **264 тоннадай алтын** өндүрүлгөн.

**«Кумтөр Оперейтинг Компани»** «Кумтөр» долбоорунун оператору болуп саналат жана бүтүндөй өндүрүштүк цикл үчүн жоопкерчилик тартат.

**«Центерра»** — түндүк америкалык алдыңкы алтын өндүрүүчү жана эң ири батыш компаниясы — Борбордук Азиядагы алтын өндүрүүчү болуп саналат. «Центерранын» акциялары Торонтодогу фондулук биржада (TSX) CG символу астында жүгүртүлөт. «Кыргызалтын» ААКсы аркылуу акциялардын жалпы пакетинин 33%га жакынына ээлик кылган Кыргыз Республикасы менен катар эле, АКШнын, Улуу Британиянын, Канаданын ири инвестициялык фонддору, ошондой эле Европадан жана Түндүк Америкадан майдараак акционерлер «Центерранын» акционерлери болуп саналышат.

Азыркы учурда «Центерра» Кыргыз Республикасында жана Монголияда иштеп жаткан эки алтын Кен ишканасына ээ.

Андан тышкары, Компаниянын Монголиянын, Түркиянын, Кытайдын жана Россия Федерациясынын перспективалуу объектилеринде геологиялык чалгындоо иштерин жүргүзүүгө үлүштүк катышы бар.

Кыргыз Республикасы, «Кыргызалтын» ААКсы аркылуу «Центерранын» акцияларынын эң ири пакетинин — **77 401 766 акциясынын** — 33%га жакынынын кармоочусу болуп саналат.

## «КУМТӨР» ДОЛБООРУ БОЮНЧА ӨНДҮРҮШТҮК КӨРСӨТКҮЧТӨР

| | II квартал, 30-июнга карата | | | I жарым жылдык, 30-июнга карата | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **2013** | 2012 | *Өзгөрүүлөр % менен* | **2013** | 2012 | *Өзгөрүүлөр % менен* |
| Сатып өткөрүлгөн алтын *(унция менен[1])* | **70 318** | 40 228 | 75% | **161 935** | 102 425 | 58% |
| Сатып өткөрүлгөн алтын *(кг менен)* | **2 187** | 1 251 | 75% | **5 036,7** | 3 185,8 | 58% |
| Сатып өткөрүүнүн орточо баасы *(унциясына АКШ доллары менен)* | **1 372** | 1 592 | (14%) | **1 514** | 1 677 | (10%) |
| Алтынды «Кыргызалтынга» сатуудан түшкөн жалпы каражат *(млн. АКШ доллары менен[2])* | **96,5** | 64,0 | 51% | **245,2** | 171,8 | 43% |
| Сатып өткөрүлгөн продукциянын өздүк наркы *(млн. АКШ доллары менен)* | **65,7** | 66,1 | (1%) | **132,0** | 128,9 | 2% |
| Сатып өткөрүлгөн продукциянын өздүк наркы *(унциясына АКШ доллары менен)* | **935** | 1 644 | (43%) | **815** | 1 259 | (35%) |
| Тоо-кен иштеринин көлөмү *(миң тонна)* | **47 901** | 42 736 | 12% | **88 085** | 73 482 | 20% |
| Казылып алынган руданын көлөмү *(миң тонна)* | **799** | 16 | 4894% | **1 008** | 79 | 1176% |
| Казылып алынган рудадагы алтындын орточо курамы *(г/т)* | **1,91** | 1,18 | 62% | **2,02** | 1,30 | 55% |
| Кайра иштетилген руданын көлөмү *(миң тонна)* | **1 351** | 1 376 | (2%) | **2 824** | 2 627 | 7% |
| Фабрикага берилүүчү рудадагы алтындын орточо курамы *(г/т)* | **2,17** | 1,33 | 63% | **2,44** | 1,64 | 49% |
| Алтынды бөлүп алуу пайызы *(% менен)* | **69,3** | 71,2 | (3%) | **72,0** | 72,0 | 0% |
| Өндүрүлгөн алтын *(унция менен)* | **72 365** | 41 307 | 75% | **161 983** | 102 014 | 59% |
| Өндүрүлгөн алтын (кг менен) | **2 250,8** | 1 284,8 | 75% | **5 038,4** | 3 172,9 | 59% |
| Операциялык акчалай чыгымдар *(млн. АКШ доллары менен)* | **608** | 808 | (25%) | **522** | 709 | (26%) |
| Жалпы акчалай жумшоолор* (салыктарды кемиткенге чейин) *(млн. АКШ доллары менен)* | **1 727** | 3 180 | (46%) | **1 524** | 3 032 | (50%) |
| Жалпы акчалай жумшоолор (салыктарды эске алуу менен) *( млн. АКШ доллары менен)* | **1 913** | 3 397 | (44%) | **1 735** | 3 268 | (47%) |
| Капиталдык жумшоолор *(млн. АКШ доллары менен)* | **101,5** | 112,8 | (10%) | **203,7** | 268,5 | (24%) |
| Геологиялык чалгындоолорго чыгымдар *(млн. АКШ доллары менен)* | **2,0** | 2,9 | (31%) | **4,4** | 5,1 | (14%) |

** Жалпы акчалай жумшоолор (салыктарды кемиткенге чейин) өзүнө төмөнкү чыгымдарды камтыйт: операциялык акчалай чыгымдар (руданы казып алуу, кайра иштетүү, өндүрүшкө салыктар (дүң кирешеге салыкты кошпогондо) жана административдик жумшоолор), капиталды колдоп туруу жана өстүрүү (анын ичинде капиталдаштырылган кыртышты ачуу иштерине жумшоолор).*

*Операциялык накталай чыгымдар, жалпы накталай чыгымдар (салыктарды эсепке алып да, ошондой эле эсепке албай да), алтынды сатып өткөрүүнү орточо баасы, ошондой эле сатып өткөрүлгөн продукциянын унциясына өздүк наркы бухгалтердик эсептин жалпы кабыл алынган нормаларына кирбейт жана SEDAR системасында жайгаштырылган «Жетекчилик тарабынан талкуулоо жана анализ” главасында “Бухгалтердик эсептин жалпы кабыл алынган нормаларына кирбеген көрсөткүчтөр” бөлүгүндө каралат.*

*1 – Маалымат үчүн: **троялык унция = 31,10348 грамм***

*2 – Эгерде башкасы көрсөтүлбөсө, бардык акча суммалары **АКШ долларында** келтирилген*

*3 – Бухгалтердик эсептин жалпы кабыл алынган нормаларына кирбеген көрсөткүчтөрдү SEDAR системасында жайгаштырылган «Жетекчилик тарабынан талкуулоо жана анализ» главасында «Башкаруучулардын көз карашы жана баалоосунан» караңыз.*

# «КУМТОР»ДОЛБООРУ БОЮНЧА 2013-ЖЫЛДЫН 6 АЙЫНДАГЫ САЛЫК ЖАНА МИЛДЕТТҮҮ КОТОРУУЛАР

Үстүбүздөгү жылдын биринчи жарым жылдыгында Кыргыз Республикасынын бюджетине салыктар, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондусуна которуулар жана башка милдеттүү төлөмдөр **2,8 миллиард сомду** түздү.

| 2013-ж. 30-июнуна карата | Миң АКШ доллары менен |
|---|---|
| Дүң кирешеге салык | 39 154,31 |
| Ысык-Көл областын өнүктүрүү фондуна взнос | 3 880,99 |
| Экологиялык төлөм | 310,00 |
| Киреше салыгы | 2 287,58 |
| КРнын Социалдык фондуна төлөмдөр | 11 637,06 |
| Бажы төлөмдөрү | 299,39 |
| Резидент эместердин кирешелерине салык | 521,21 |
| Башка салыктар жана милдеттүү которуулар | 39,88 |
| **Жалпысынан** | **58 130,42** |
| *30. 06. 2013-ж. карата АКШ долларынын КРнын сомуна карата расмий курсу* | *48.63* |
| **Төлөнгөн төлөмдөрдүн эквиваленти миң сом менен** | **2 826 748,62** |

***Эскертүү:*** *2009-жылдын 24-апрелиндеги "Кумтөр" долбоору боюнча жаңы шарттар жөнүндө макулдашууга ылайык, дүң кирешеге салыкты жана Ысык-Көл областын өнүктүрүү фондусуна взносторду эсептөө үчүн база катарында көрсөтүлгөн мезгилге продукцияны сатуудан иш жүзүндөгү акчалай түшүүлөр саналат.*

# 2013-ЖЫЛГА ПРОГНОЗ

2013-жылы өндүрүштүн жалпы көлөмүнүн 55%га жакыны төртүнчү кварталга туура келмекчи. Акыркы кварталдагы өндүрүштүн өсүшү анын ресурстары көп жылдардан бери өндүрүштүк жүгүртүүдө турган SB зонасындагы бай руданы казып алуунун эсебинен камсыз кылынмакчы. Бул зонада казып алуу үстүбүздөгү жылдын үчүнчү кварталынын аягында мүмкүн болуп калмакчы жана пландаштырылган 550 – 600 миң унция алтынды өндүрүүгө мүмкүндүн бермекчи.

Жалпы капиталдык чыгымдар, кыртышты ачуу иштерин кошпогондо, 2013-жылы 97 млн. долларды түзмөкчү. Анын ичинен:

— **67 млн. доллар** негизги фондуларды модернизациялоого[3] (тоо-кен техникасынын ремонту жана сатып алуу, калдыктарды сактоочу жайдын дамбасынын деңгээлин жогорулатуу ж.б.);

— **30 млн. доллар** – кен ишканасынын бир катар объектилерин орун которуштурууну кошо алганда, кен ишканасын өнүктүрүүгө инвестицияларга[3] жумшалмакчы.

Карьерди иштетүү менен байланышкан ачуу иштерин капиталдаштыруу 2013-жылы 196 млн. доллар өлчөмүндө күтүлүүдө.

# ДИВИДЕНДДЕРДИ ТӨЛӨП БЕРҮҮ

«Центерранын» Директорлор кеңеши бир кадимки акцияга 0,04 канадалык доллар өлчөмүндө дивиденддерди эсептөөгө буйрук берди. Жогоруда көрсөтүлгөн дивиденддер 2013-ж. 29-августунда Торонтодогу биржада 2013-ж. 15-августуна карата катталган бардык акционерлерге төлөнүп берилген.

*«Кумтөр» кен ишканасында өндүрүлгөн алтын, «Кумтөр Оперейтинг Компани», «Кыргызалтын» ААКсы жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ортосунда түзүлгөн Алтынды жана күмүштү сатып өткөрүү жөнүндө макулдашууда каралгандай, «Кыргызалтын» Ачык акционердик коому тарабынан Кара-Балта шаарындагы аффинаждык ишканада аны андан ары кайра иштетүү үчүн сатып алынат. Аффинаждалган алтын менен күмүштү Кыргыз Республикасынын аймагында жана анын чектеринен тышкары сатып өткөрүү укугуна жалгыз «Кыргызалтын» ААКсы гана ээ.*



**2013-жылдын 23-августуна**
КАРАТА КЫРГЫЗСТАНДЫН АКЦИЯЛАРЫНЫН ПАКЕТИНИН НАРКЫ
**483 млн. доллардан** АШЫП КЕТТИ



*«Центерра» жөнүндө кошумча маалымат менен SEDAR **www.sedar.com** сайтында жана «Кумтөр Оперейтинг Компанинин» жана «Центерранын» сайттарында таанышууга болот.*

**Кумтөр Оперейтинг Компани**
**Центерра Голд Инк.**

Кыргыз Республикасы
Бишкек, 720031, Ибраимов көч., 24
Тел.: (+996 312) 90 07 07, 90 08 08
Факс: (+996 312) 90 07 28, 59 15 26

**www.kumtor.kg**
**www.centerragold.com**